**2023-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына карата мезгил аралыгындагы Кара-Балта шаарынын бюджетинин түзүлүшүнө жана аткарылышына, Кара-Балта шаарынын мэриясынын жана анын түзүмдүк бөлүнүштөрүнүн бюджеттеринин аткарылышына, ошондой эле, муниципалдык ишканаларынын ишине жүргүзүлгөн шайкештик аудиттердин жыйынтыктары жөнүндө**

# ОТЧЕТ

**Жооптуу тараптар жана аудит объектилери**

Бул аудитке карата жооптуу тарап болуп Кара-Балта шаарынын мэриясы эсептелет, ал эми аудит объектилери болуп – Кара-Балта шаарынын мэриясы жана анын түзүмдүк бөлүнүштөрү жана муниципалдык ишканалары эсептелет.

**Жооптуу тараптардын милдеттери**

Аудит объекттеринин жалпы милдеттерине мамлекеттик каражаттарды башкаруу жана мыйзам чыгаруу органы тарабынан берилген ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу, ошондой эле, ушул аудиттин предметине болгон жоопкерчилик кирет.

**Аудитордун милдети**

Биздин милдет, биз жүргүзгөн аудиттин негизинде жергиликтүү бюджеттердин түзүлүшү жана аткарылышы мыйзамдын талаптарына (аудиттин критерийлерине) ылайык келүүсү жөнүндө өз алдынча корутундуларга келүү болуп саналат. Аудит корутундуларды тастыктоо үчүн жетиштүү жана тийиштүү далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду аткарууну камтыйт. Аткарылган жол-жоболор аудитордун кесипкөйлүк пикирине, анын ичинде алдамчылыктан же катадан улам олуттуу шайкеш келбей калуу тобокелдигине баа берүүдөн көз каранды. Аудит аткарылган аудитордук жолжоболор шарттарга ылайыктуу жана алынган аудитордук далилдер бул отчетто баяндалган корутундулар үчүн негиз болуп берүү үчүн жетиштүү жана ылайыктуу деп эсептейт.

**Ишти аткарууда колдонулган аудит стандарттарын аныктоо**

Иш аудиттин негизги принциптерине жана шайкештик аудити үчүн жетектөөчү көрсөтмөлөргө, атап айтканда, ISSAI 400 жана ISSAI 1400 (2015-жылы каралган), ошондой эле Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2021-жылдын 29-мартындагы 01-26/56 токтому менен бекитилген Шайкештик аудитинин колдонмосуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2016-жылдын 20-декабрындагы № 03-7/155 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жана анын аймактык бөлүнүштөрү тарабынан жергиликтүү бюджеттерге аудит жүргүзүү боюнча колдонмосуна ылайык жүргүзүлдү.

**Этикалык талаптарга шайкештиги**

Аудиттин эл аралык стандарттары этикалык нормаларды сактоону, ошондой эле, аудиттин предмети анын бардык маанилүү аспекттеринде мыйзамдык жана жөнгө салуучу нормаларга шайкеш келе тургандыгына негиздүү ишеним алуу үчүн, аудитти пландаштыруу жана жүргүзүүнү талап кылат.

**Аткарылган иштин кыскача мүнөздөмөсү**

Аудиттерди жүргүзүүнүн негизи болуп, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2024-жылга аудитордук иш планы, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн буйруктары саналат.

Аудиттер Кара-Балта шаарынын мэриясында жана анын түзүмдүк бөлүнүштөрүндө, муниципалдык ишканаларында жүргүзүлгөн.

Аудиттер Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн бекитилген программасына ылайык, кызмат адамдары тарабынан берилген документтердин, материалдардын, маалыматтардын негизинде жүргүзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" Конституциялык Мыйзамынын 29-беренесине ылайык, аудитке берилген документтердин, финансылык отчеттуулуктун, башка отчеттордун жана маалыматтардын толуктугу жана тууралыгы үчүн жоопкерчиликти аудит объектисинин кызмат адамдары жана аткаруучу адамдары тартат.

**Мурдагы аудиттин сунуштамаларынын аткарылышы**

2022-жылдын 1-январынан тартып 2022-жылдын 31-декабрына карата мезгил аралыгындагы Кара-Балта шаарынын бюджетинин түзүлүшүнө жана аткарылышына, Кара-Балта шаарынын мэриясынын жана анын түзүмдүк бөлүнүштөрүнүн бюджеттеринин аткарылышына, ошондой эле, муниципалдык ишканаларынын ишине жүргүзүлгөн шайкештик аудиттердин жыйынтыктары боюнча аныкталган:

- финансылык бузуулар, бардыгы – **5 735,0 миң сом;**
- бюджеттин резервдери жана жоготуулары – **6 141,0 миң сом;**
- рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттар**- 6 818,7 миң сом;**
- коомдук жана башка уюмдарда аныкталган финансылык бузуулар-**3 848,9 миң сом**.

Жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары Кара-Балта шаарынын мэриясынын коллегиясында каралган. Калыбына келтирилбеген 200,7 миң сом калган, анын ичинде:

Кара-Балта шаарынын мэриясына караштуу Маданият, спорт жана муниципалдык менчик башкармалыгы – **200,7 миң сом** (жашырылган дебитордук карыз – 186,6 миң сом, ашыкча төлөнгөн командировка чыгымдары – 14,1 миң сом *(мурдагы Кара-Балта "Манас" спорт комплекси).*

**2023-жылга Кара-Балта шаарынын социалдык-экономикалык өнүгүүсү.**

Кара-Балта шаардык Кеңешинин 2023-жылдын 16-мартында №05-токтому менен Кара-Балта шаарын 2023-2026-жылдарга социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасы бекитилген.

Программага ылайык, 2023-жылы 30 долбоор, 31 иш-чара каралган, жана программадагы иш-чараларды аткарууга толук каражаттын көлөмү 146 000,0 миң сом божомолдонсо, анын ичинен жергиликтүү бюджеттен эсебинен 117 700,0 миң сомго 24 долбоор каралган, жана республикалык бюджет менен биргелешип каржылоого 15 700,0 миң сомго каралган 1 долбоор бекитилген, ал эми жергиликтүү бюджет менен башка булактардан биргелешип 12 600,6 миң сомго 3 долбоор каралган.

Кара-Балта шаарынын мэриясынын экономикалык өнүктүрүү бөлүмүнүн маалыматына ылайык, Кара-Балта шаарынын социалдык-экономикалык өнүктөрүү программасында каралган 30 долбоордун ичинен 117 700,0 миң сомго 24 долбоор аткарылган, же болбосо социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасынын аткарылышы болгону 80,6 % камсыздалган.

2023-жылдын 12-айында Кара-Балта шаарынын өнөр жай тармагындагы өндүрүлгөн товардык продукциясынын көлөмү 112,1 млрд. сомду түзүп, 2022-жылга салыштырмалуу 117,6% аткарылган.

2023-жылы шаар ичиндеги жолдорду капиталдык оңдоо 35 417,8 миң сомго аткарылса, анын ичинен жергиликтүү бүджеттин эсебинен 32 848,0 миң сомго, башка булактардан кошумча каржылоо 2 569,8 миңго аткарылган, жана оңдолгон жолдордун жалпы узундугу 6,6 км түзгөн, ошонодой эле шаардын жолдорунун чуңкурларын оңдоо жана гравирлөө иштери жергиликтүү бюджеттен 3 625,0 миң сомго аткарылган.

"Коопсуз шаар" системасын ишке ашыруу боюнча 20 видеокамера 2 000,0 миң сомго конкурс аркылуу сатылып алынган.

Кара-Балта шаарынын башкы планын иштеп чыгуу боюнча Жайыл райондук архитектурасы менен биргеликте иш-чаралар жүргүзүлүп, республикалык бюджеттен Кара-Балта шаарынын мэриясынын алыш-бериш эсебине 15 739,1 миң сом, жергиликтүү бюджеттен 9 000,0 миң сом каралган, анын ичинен топография кызматын аткарууга 9 441,2 миң сомго, башкы планды иштеп чыгууга 11 856,0 миң сомго келишим түзүлгөн.

“№2-үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун имаратын капиталдык оңдоо” долбоору аткарылышы боюнча жалпы суммасы 13 959,0 миң сомго, анын ичинде Чүй облусун өнүктүрүү фондуна кошо каржылоо 2 832,8 миң сомго божомолдонсо, 2023-жылы капиталдык оңдоо иштери 100% аткарылган.

2023-жылдын ичинде “300 орундуу трибунасы бар футбол аянтчасын куруу” долбоору аяктаган, жана долбоордун алкагында жергиликтүү бюджеттен 2 980,7 миң сом өздөштүрүлүп, Япония тарабынан, баасы 88,0 миң америка доллары турган талаа жабдуулары (искусственное поле) сатып алынып, 2023-жылдын 17-майында Кара-Балта шаарында Япониянын Кыргыз Республикасындагы Элчилиги тарабынан Кара-Балта шаарына футболдук аянтчаны өткөрүп берүү аземи болуп өткөн.

Түркиядан келген инвесторлор тарабынан 20 жылдан ашык убакыттан бери токтоп турган мурдагы “Кара-Балта-килем” ЖЧК комбинатынын аймагында “Мади Декна текстиль” ЖЧК жаңы ишканасын (текстиль өндүрүшү) ишке киргизүү боюнча оңдоо иштери улантылган, жана Кара-Балта шаарынын мэриясы тарабынан “Мади Декна текстиль” ЖЧКна Кара-Балта шаарынын аймагында текстиль фабрикасын ачуу долбоорун ишке ашырууга көмөк көрсөтүлгөн.

2023-жылы Кара-Балта шаарынын мэриясынын уюштуруу түзүмүнүн иш процесстерин оптималдаштыруу жүргүзүлгөн. Башкаруунун заманбап системасын түзүү боюнча комплекстүү чараларды ишке ашыруу боюнча, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу, эмгек акы фондун пайдаланууну үнөмдөө, Кара-Балта шаарынын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жана муниципалдык ишканаларынын кызматкерлеринин потенциалын сарамжалдуу пайдалануу максатында, Ленин атындагы шаардык маданият сарайын, Кара-Балта шаарындагы "Манас" спорттук комплексин, муниципалдык футбол клубун кайра уюштуруу жүргүзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын юстиция органдарында жаңы юридикалык жак катталгандан кийин, Кара-Балта шаарынын мэриясынын алдындагы Мүлккө муниципалдык менчик бөлүмү, Кара-Балта шаардык билим берүүнү финансы-материалдык камсыз кылуу бөлүмү кошуу жолу менен Кара-Балта шаардык мэриясынын алдындагы Маданият, Спорт жана муниципалдык менчик башкармалыгы түзүлгөн. Ошентип, 159,5 бирдик жумушчулар башкарган жаңы башкаруу түзүлгөн, жана кайталанма функциялардын кыскарышы 51 штаттык бирдикти түзгөн.

**2023-жылга Кара-Балта шаарынын бюджетинин киреше бөлүгүнүн аткарылышы**

2023-жылга бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүктөрү алгач Кара-Балта шаардык кеңешинин жыйынында 2023-жылдын 16-февралындагы №06 токтому менен бекитилген, анда болжолдонгон киреше бөлүгү 285 967,0 миң сом өлчөмүндө бекитилген, анын ичинде салыктык кирешелердин түшүүсү 263 001,0 миң сомго, салыктык эмес кирешелер 22 856,0 миң сомго, активдер жана милдеттенмелер 110,0 миң сомго аткарылышы божомолдонгон.

2023-жылдын ичинде шаардын бюджетинин киреше бөлүгүнө бир нече жолу өзгөртүүлөр киргизилип 349 202,3 миң сомго такталган, анын ичинен:

- Кара-Балта шаардык кеңешинин 2023-жылдын 4-августундагы “Кара-Балта шаардык кеңешинин 2023-жылдын 16-февралындагы “2023-жылга Кара-Балта шаарынын бюджетин жана 2024-2025-жылдарга бюджеттин болжолун бекитүү жөнүндө“ №06 токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө №03 токтомунун негизинде, бюджеттин киреше бөлүгү 13 169,0 миң сомго көбөйгөнүнө байланыштуу бюджеттин киреше бөлүгү 13169,0 миң сомго көбөйтүлүп такталган.

- Кара-Балта шаардык кеңешинин 2023-жылдын 25-октябрындагы “Кара-Балта шаардык кеңешинин 2023-жылдын 16-февралындагы “2023-жылга Кара-Балта шаарынын бюджетин жана 2024-2025-жылдарга бюджеттин болжолун бекитүү жөнүндө“ №06 токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө №01 токтомунун негизинде, бюджеттин киреше бөлүгү 15 000,0 миң сомго көбөйгөнүнө байланыштуу бюджеттин киреше бөлүгү 15 000,0 миң сомго көбөйтүлүп тактaлган.

- Кара-Балта шаардык кеңешинин 2023-жылдын 1-декабрындагы №06 “Кара-Балта шаардык кеңешинин 2023-жылдын 16-февралындагы №03 “2023-жылга Кара-Балта шаарынын бюджетин жана 2024-2025-жылдарга бюджеттин болжолун бекитүү жөнүндө“токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө №07 токтомунун негизинде, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 115-беренесинин 4-пунктун бузуу менен, бирдиктүү салыктын ордун толтуруу үчүн республикалык бюджеттен 20 888,9 миң сом каражаттардын келип түшкөндүгүнө байланыштуу бюджеттин киреше бөлүгү 20 888,9 миң сомго көбөйтүлүп тактaлган.

Жергиликтүү бюджеттин жалпы киреше бөлүгү мамлекеттик башкаруу секторунун трансферттери жана атайын эсептин каражаттарын эске алуу менен 376 610,1 миң сомго аткарылган, тактaлган планга карата **107,8**% же 27 407,8 миң сомго көп аткарылган, анын ичинен:

***Салыктык кирешелер:*** бекитилген план боюнча жалпы 286 018,8 миң сомго божомолдонгон, иш жүзүндө киреше 302 772,0 миң сомго камсыздалып, план 105,9% аткарылган, же болбосо пландан тышкары 16 753,2 миң сом түшкөн.

Ошону менен бирге салыктык кирешелердин ичинен кээ бир түшүүлөр боюнча план аткарылган эмес, тактап айтканда:

- патенттин негизинде салык боюнча план 21 870,0 миң сомго тактaлган, иш жүзүндө киреше 21 263,7 миң сомду түзгөн же пландын аткарылышы 97,2% түзүп 606,3 миң сомго аз аткарылган;

- жер салыктары боюнча план 15 225,8 миң сомго тактaлган, иш жүзүндө киреше 14 863,0 миң сомго камсыздалып, пландын аткарылышы 97,6% түзүп, божомолдон 362,8 миң сомго аз түшкөн.

***Салыктык эмес кирешелер*** боюнча жалпысынан план 25 373,8 миң сомго тактaлган, иш жүзүндө киреше 36 028,4 миң сомго камсыздалып, план 142% аткарылган, же болбосо 10 654,6 миң сомго ашыгы менен түшкөн.

Ошону менен бирге мүлк ижарасы үчүн акы план 350,0 миң сомго тактaлса, иш жүзүндө киреше 186,4 миң сомду түзгөн, же тактaлган пландын аткарылышы 53,3% камсыздалып, 163,6 миң сомго аз аткарылган.

**2023-жылга Кара-Балта шаарынын бюджетинин чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы**

2023-жылга бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүктөрү алгач Кара-Балта шаардык кеңешинин 2023-жылдын 16-февралындагы №06 токтому менен бекитилген, анда болжолдонгон чыгашалардын суммасы 285 967,0 миң сом өлчөмүндө бекитилген, анын ичинен бюджеттик каражаттар 269 887,0 миң сом суммасында каралган, атайын эсептин каражаттары 16 080,0 миң сом суммасында бекитилген. Белгилей кетчү жагдай, Кара-Балта шаарынын казыналык эсебинде эркин калдык бюджеттик эсепте 84 143,0 миң сом жана атайын каражаттардын эсебинде 6 247,4 миң сомду түзгөн.

Бюджеттик каражаттар боюнча тактaлган план 309 503,6 миң сомду түзгөн, кассалык чыгымдар 283 680,0 миң сомго аткарылган, же болбосо тактaлган планга карата 91,7%га өздөштүрүлгөн, башкача айтканда 25 821,3 миң сомго чыгаша бюджети өздөштүрүлбөй калган.

Атайын эсептин каражаттары боюнча тактaлган план 23 717,1 миң сомду түзсө, кассалык чыгымдар 20 079,8 миң сомго аткарылып, тактaлган планга карата 84,7% эле өздөштүрүлгөн же 3 637,3 миң сомго аз аткарылган.

Чыгымдар беренелери боюнча бюджеттин аткарылышын кароодо, сметалык багыттоолордун бардык көрсөткүчтөрү боюнча пландуу көрсөткүчтөрдүн аткарылбагандыгы аныкталган.

Тактай кетсек:

- 701 "Жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтар" багыты боюнча – кассалык чыгымдардын аткарылышы 32 903,7 миң сомду түзүп, пландалган сумма 91,5% өздөштүрүлгөн;

- 704 "Экономикалык маселелер багыты боюнча" – кассалык чыгымдар 4 474,9 миң сомго аткарылып, план болгону 91,8% өздөштүрүлгөн;

- 706 "Турак жай жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр" багытыты боюнча - кассалык чыгымдар 125 875,1 миң сомго актарылып (анын ичинде атайын эсептин каражаттары 1 654,1 миң сом), өздөштүрүү болгону божомолдун 85,5% түзгөн;

- 708 "Эс алуу, спорт, маданият жана дин багыты боюнча" – кассалык чыгымдар 51231,3 миң сомду түзүп (анын ичинде атайын эсептин каражаттары 1400,2 миң сом), пландалган суммаалар 96,0% өздөштүрүлгөн;

- 709 "Билим берүү багыты боюнча" – кассалык чыгымдардын аткарылышы 89 277,1 миң сомду түзүп (анын ичинде атайын эсептин каражаттары 17025,5 миң сом), божомол 97,3% аткарылган.

Жыйынтыгында жалпы кассалык чыгымдарынын 41,4% же болбосо 125 875,1 миң сому 706 «Турак-жай жана коммуналдык кызмат» багытына, 709 «Билим берүү» багытына 29,4% же болбосо 89 277,1 миң сом, 701 «Жалпы багыттагы мамлекеттик кызмат» багытына 10,8% же 32 903,7 миң сом, 708 «Эс алуу, спорт, маданият жана дин» багытына 16,9% же 51231,3 миң сом жана экономикалык маселелерге 1,5% же 4 474,9 миң сом сарпталган.

2024-жылдын 1-январына карата Кара-Балта шаарынын бюджеттик эсебинде 69 382,3 миң сом жана атайын каражаттардын эсебинде 10 484,1 миң сом акча каражаттарынын калдыгы калган.

2023-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына карата мезгил аралыгындагы Кара-Балта шаарынын бюджетинин түзүлүшүнө жана аткарылышына, Кара-Балта шаарынын мэриясынын жана анын түзүмдүк бөлүнүштөрүнүн бюджеттеринин аткарылышына, ошондой эле, муниципалдык ишканалардын ишине жүргүзүлгөн шайкештик аудиттердин жыйынтыгында аныкталган финансылык бузуулар, бардыгы – **64 734,1 миң сом,** анын ичинде:

110105 Бюджеттик мыйзамдын талаптарына бюджет долбоорунун киреше бөлүгүнүн туура келбеши – 10 582,7 миң сом;

210305 Бюджетке милдеттүү төлөмдөрдүн чегерилбеши (өз учурунда эмес жана толук эмес чегерүү) - 3 305,1 миң сом;

230101 Бюджеттик смета менен каралбаган чыгымдарды төлөө боюнча бюджеттик каражаттарды пайдалануу -1672,8 миң сом;

230103 Аларды алуу үчүн укуктук негизги ээ эмес адамдарга жөлөкпулдарды, компенсацияларды, субсидийлерди, субвенцийлерди жана башка акчалай төлөмдөрдү төлөө -336,0 миң сом;

230207 Курулуш-монтаждоо иштеринин наркынын жана/же көлөмүнүн жогорулатылышы – 1 095,3 миң сом;

230299 Капиталдык салымдарга каражаттарды пайдаланууда жана курулуш иштерин аткаруудагы жана башка бузуулар - 112,3 миң сом;

230303 Кызматкерлердин эмгегине төлөө жана акчалай түрдөгү жана башка төлөмдөр боюнча ченемден ашык чыгымдар - 5 784,9 миң сом;

230306 ТМБ нормативден ашыкча запастары жана эсептөөлөрдөгү каражаттар – 14 733,8 миң сом.

310105 Мамлекеттик (муниципалдык) мүлктүн жана мамлекеттик акча каражаттарынын кем чыгышы (бузулушу, жоголушу, уурдалышы) – 1,4 миң сом;

310301 Мамлекеттик (муниципалдык) мүлктү пайдаланууда негизги бузууларга кирбеген жана башка бузуулар – 14,2 миң сом;

410205 Эмгек акыны, командировкалык чыгымдарды, жөлөкпулдарды, компенсацияларды жана башка төлөмдөргө байланышкан бузуулар – 754,8 миң сом.

410206 Ченемдик-укуктук актылар жана келишимдер (контракттар) менен каралган, ошондой эле кезектеги мезгилдин эсебинен белгиленген өлчөмдөн ашык авансалык төлөмдөрдү чегерүү – 25 817,3 миң сом;

510114 Мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндөгү жана башка бузуулар – 523,5 миң сом.

**Корутунду:**

Жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыгында, төмөнкү мекемелердин, уюмдардын жана ишканалардын иши, төмөндөгү жагдайлардан тышкары, бардык олуттуу аспекттер боюнча, мыйзамдардын талаптарына шайкеш келгендиги аныкталды.

**Кара-Балта шаарынын бюджети**

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 88-беренесинин 5-пунктунда белгиленген мөөнөттөрдү бузуу менен, Кара-Балта шаарынын 2023-жылга социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасы 2023-жылдын 16-мартында бекитилген.

**Сунуштама:**

Мындан ары, социалдык-экономикалык өнүктүрүү программаларын бекитүүдө, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 88-беренесинде белгиленген мөөнөттөр так сакталсын.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 115-беренесинин 4-пунктунда белгиленген мөөнөттөрдү бузуу менен, шаардык кеңештин токтомдору менен Кара-Балта шаарынын 2023-жылдын бекитилген бюджетине 3 жолу өзгөртүүлөр киргизилген, анын ичинен биринчи өзгөртүүлөр 2023-жылдын 4-августунда Кара-Балта шаардык кеңешинин №03 токтому менен, экинчи өзгөртүүлөр 25-октябрында Кара-Балта шаардык кеңешинин №01 токтом менен жана үчүнчү өзгөртүүлөр 2023-жылдын 1-декабрында Кара-Балта шаардык кеңешинин №7 токтому менен киргизилген.

**Сунуштама:**

Мындан ары, жергиликтүү бюджетке өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүдө, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 115-беренесинде белгиленген мөөнөттөр так сакталсын.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 117-беренесин бузуу менен, "Кара-Балта шаарынын 2023-жылдын бюджетинин аткарылышы жөнүндө отчет" бекитилген эмес.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчеттун бекитилиши, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 117-беренесинде белгиленген тиешелүү мөөнөттөрдө аткарылсын.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кара-Балта шаардык кеңешинин 2023-жылдын 16-мартындагы №05 токтому менен бекитилген Кара-Балта шаарынын 2023-жылга социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасында каралган 30 долбоордун ичинен 24 долбоор толук аткарылган. 2023-жылы аткарылбай калган 6 долбоор 2024-жылы аткарылууда.

**Сунуштама:**

Мындан ары, Кара-Балта шаарынын социалдык-экономикалык өнүгүү программасы, бардык зарыл шарттарды толук изилдеп чыккандан кийин, республикалык

бюджеттин ресурстарын жана максаттуу трансферттерди бөлүү жөнүндө болжолдуу маалыматтарды эске алуу менен, ошондой эле, Кара-Балта шаарынын аймагында донорлордун каражаттарынын эсебинен эл аралык долбоорлорду ишке ашыруу жөнүндө болжолдоолорго байланыштыруу менен, экономика тармактарынын реалдуу мүмкүнчүлүктөрүнө жараша түзүлсүн.

**5. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн түзүлүшүнө жана бюджеттин резервдерин аныктоодо төмөнкүлөр аныкталган:

- 2023-жылдын 1-январына карата калктуу конуштар жерлеринин ижарачыларынын карызы 2 629,9 мин сомду түзгөн, 2023-жылга түзүлгөн келишимдер боюнча ижара акысынын суммасы 7 782,2 миң сом, ал эми 2023-жылдагы калктуу конуштарда жер ижарага берүүдөн түшкөн киреше такталган план боюнча 6 500,0 миң сомду түзгөн, же болбосо бюджеттин киреше бөлүгүнүн болжолдуу планы **3 912,1 миң сомго** төмөндөтүлгөн, жана бюджеттин жоготуулары болуп эсептелет;
- 2023-жылдын 1-январына карата муниципалдык менчикте турган жайлардын, имараттардын жана курулмалардын ижарачыларынын карызы 211,7 мин сомду түзгөн, ижарачылар менен түзүлгөн келишимдер боюнча ижара акысынын суммасы 352,5 миң сомду, ал эми 2023-жылдагы муниципалдык менчикте турган жайлардын, имараттардын жана курулмалардын ижарага берүүдөн түшкөн киреше такталган план боюнча 350,0 миң сомго бекитилген, же болбосо бюджеттин киреше бөлүгүнүн болжолдуу планы **214,2 миң сомго** төмөндөтүлгөн, жана бюджеттин жоготуулары болуп эсептелет.

Жогоруда келтирилген булактар боюнча бюджеттин жоготууларынын жалпы суммасы **4 126,3 миң сомду түзөт.**

**Сунуштама:**

Кара-Балта шаарынын муниципалдык менчик мүлкүн ижарага берүү боюнча кирешелердин финансылык жылга план-болжолун ижара боюнча түзүлгөн келишимдердин жалпы суммасын, ошондой эле өткөн жылдын аягына карата ижарачылардын дебитордук карыздарынын калдыгын эске алуу менен түзүлсүн.

Бюджеттин киреше бөлүгүн түзүүдө, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин талаптарын бузууга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Исанов Т.

**Кара-Балта шаарынын мэриясы жана Кара-Балта шаардык кеңеши**

2023-жылга чыгымдардын сметасы 19 208,4 миң сом суммасында бекитилген, 30 952,6 миң сом суммасында такталган, кассалык чыгымдар 28 502,4 миң сомду түзгүп, накталай чыгымдар 27 667,6 миң сомго аткарылган.

2023-жылга Кара-Балта шаарынын мэриясынын резервдик фондуна Кара-Балта шаардык кеңешинин 2023-жылдын 16-январындагы №06 токтомунун негизинде 1 500,0 миң сом бекитилип жана такталган, кассалык жана накталай чыгымдар 1 495,4 миң сомду түзгөн.

Кара-Балта шаардык кеңешинин 2023-жылга чыгаша бөлүгү 4 505,2 миң сом суммасында бекитилген, бюджетке өзгөртүүлөр кирип, бюджеттин көлөмү 1 436,4 миң сомго көбөйтүлүп, такталган бюджет 5 941,6 миң сомду түзгөн. Кассалык чыгымдар 5 295,1 миң сомго аткарылып, накталай чыгымдар 4 797,8 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын 3-беренесинин 11-пунктун бузуу менен, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн мурдагы аудиттердин жыйынтыктары боюнча жиберилген жазма буйругу толук аткарылган эмес. Атап айтканда, Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” мыйзамынын 26-

беренесинин 4-пунктуна ылайык, укукка сыйбаган аракеттерди түздөн-түз жасаган кызматчыга кайтарма талаптарды (регресс) коюу, 249,4 миң сом жергиликтүү бюджеттин жоготууларын ордун толтуруу мүмкүнчүлүгүн кароо боюнча иш-чаралар жүргүзүлгөн эмес.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамын так аткаруу камсыз кылынсын. Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жиберилген жазма буйругун аткарбаган кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин 74-беренесин жана “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамынын 16-беренесинин 1-пунктун бузуу менен, бош кызмат ордуна кадрлар резервинде турбаган жаран негизсиз кабыл алынган, жана 2023-жылдын 1-январынан 2023-жылдын 31-декабрына чейин **822,6 миң сом** эмгек акы чегерилген, анын ичинен социалдык фондко төгүмдөрү 121,0 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бош кызмат орундарына кызматкерлерди жумушка кабыл алууда, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 74-беренесинин жана "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин 1-пунктунун талаптары так жетекчиликке алынсын.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы ПЖ №266 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" Жарлыгынынын талаптарын бузуу менен, Кара-Балта шаардык кеңешинин 2023-жылдын 16-январындагы №06 токтому менен чыгашалар сметасына киргизилип жана Кара-Балта шаарынын мэриясынын буюртмаларынын негизинде, 2023-жылы Кара-Балта шаарынын мэриясынын жана шаардык кеңешинин кызматкерлерине ар бир кварталдын жыйынтыгы менен суммасы **3 680,9 миң сом** өлчөмүндө үстөк акы-деп чегерилген, анын ичинен социалдык фондко төгүмдөрү 541,5 миң сомду түзгөн.

Ошондой эле, жогорудагы Жарлыктын талаптарын бузуу менен Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлеринин күнүнө карата **886,2 миң сом** өлчөмүндө материалдык сыйлоо чегерилген, анын ичинен социалдык фондко төгүмдөрү 130,4 миң сомду түзгөн.

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 114-беренесин бузуу менен, Кара-Балта шаарынын мэриясынын буюртмаларынын негизинде дем алыш жана майрам күндөрү жумушка чыккандыгы үчүн, 2023-жылы Кара-Балта шаарынын мэриясынын жана шаардык кеңешинин 22 кызматкерине жалпы **287,2 миң сом** компенсация чегерилген, анын ичинен социалдык фондко төгүмдөрү 42,2 миң сом.

**Сунуштама:**

Мындан ары, эмгек акыга кошумча төлөөлөрдө, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси жана Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы ПЖ №266 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” Жарлыгы жетекчиликке алынсын.

Кызматкерлердин эмгек акысына кошумча төлөөлөр боюнча ченемден ашык чыгымдарга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор

боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" Нускаманын талаптарын бузуу менен, кийинки жылдагы каржылоодо эсепке алуунууга тийиш **85,6 миң сомдук** дебитордук карыздардын калдыгы эсепте калган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашыкча запастарынын болушуна жол берилбесин. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген «Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» Нускаманын талаптары так сакталсын жана 2024-жылы Кара-Балта шаарынын мэриясын каржылоодо 2023-жылдын аягына карата товардык-материалдык баалуулуктардын 85,6 миң сомго ашыкча запастары эсепке алынсын.

**5. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 27-сентябрындагы №5-б буйругу менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясынын 272-беренесин бузуу менен, тактап айтканда бул беренеден каралган акча каражаттары "социалдык жардам боюнча жөлөкпулдар социалдык камсыздандыруу программасы жокто же анык керектүүлөрдү жабуу үчүн социалдык камсыздоо боюнча жөлөкпулдар жетишсиз болуп калган убакта төлөнөт-деп көрсөтүлгөнүнө карабастан, материалдык жардамга муктаж эмес жарандарга, Кара-Балта шаардык кенешинин 2018-жылдын 4-апрелиндеги «Кара-Балта шаарынын ардактуу жараны» наамын берүү Жобосун негизге алуу менен, Кара-Балта шаарынын мэриясынын 2023-жылдын 20-декабрындагы №211-б буюрмасынын негизинде, Кара-Балта шаарынын ардактуу жараны наамын алгандарга 2023-жылы, ар бир айга 500 сомдон акчалай каражаттар, мэриянын аппаратынын 272-беренесинен компенсация катары жалпы **336,0 миң сом** берилген.

**Сунуштама:**

Мындан ары Кыргыз Республикасынын, "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө" Мыйзамынын $3^1$-беренесинин жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 27-сентябрындагы №5-б буйругу менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясынын талаптары так сакталсын.

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясынын талаптарын бузууга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**6. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2022-жылдын 17-майындагы №85-П буйругу менен бекитилген "Электрондук мамлекеттик сатып алууларды өткөрүү" Тартибинин 42-пунктунун талаптарын бузуу менен, веб-порталда кулактандырууда сатып ала турган принтерлердин фирмалык аталыштары жайгаштырылган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2022-жылдын 17-майындагы №85-П буйругу менен бекитилген "Электрондук мамлекеттик сатып алууларды өткөрүү" Тартибинин талаптары так сакталсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Исанов Т.

**Кара-Балта шаарынын мэриясына караштуу Маданият, спорт жана муниципалдык менчик башкармалыгы**

2023-жылдын 1-мартынан 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгында бюджеттик каражаттар боюнча чыгашалардын жалпы сметасы 141 244,6 миң сомго бекитилген, жыл ичинде өзгөртүүлөр киргизилип, 243 503,0 миң сомго такталган,

кассалык чыгымдар 209 923,1 миң сомду түзсө, накталай чыгымдар 123 770,1 миң сомго аткарылган.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын 3-беренесинин 11-пунктун бузуу менен, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн мурдагы аудиттердин жыйынтыктары боюнча жиберилген жазма буйругу толук аткарылган эмес, тактап айтканда:

- өндүрүлбөгөн карыздын суммасы 186,6 миң сом;

- ашыкча төлөнгөн командировка чыгымдары – 14,1 миң сом *(мурдагы Кара-Балта "Манас" спорт комплекси).*

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жиберилген жазма буйругун аткарбаган кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

Мындан ары, жазма буйруктарды милдеттүү түрдө аткаруу бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын талаптары так аткарылсын. 186,6 миң сомду (жер акылар боюнча жашырылган дебитордук карыз) жана 14,1 миң сомду (ашыкча төлөнгөн командировка чыгымдары) калыбына келтирүү боюнча иштиктүү чаралар көрүлсүн.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 29-сентябрындагы №626 токтому менен бекитилген Бирдиктүү казыналык эсеп тутумунда атайын эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө жобонун 5,6-пункттарын бузуу менен, **6456,4 миң сомго** сметаларга өзгөртүүлөр киргизилген.

**Сунуштама:**

Мындан ары, жергиликтүү кеңештин учурдагы жылга жергиликтүү бюджетке өзгөртүүлөрдү киргизүү, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 29-сентябрындагы №626 токтому менен бекитилген Бирдиктүү казыналык эсеп тутумунда атайын эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө жобонун талаптарына ылайык жүргүзүлсүн.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” Жобонун жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 12-июнундагы №281 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасында чарбакер субъекттердин жана бюджеттик мекемелердин кассалык операцияларды жүргүзүү” Тартибинин талаптарын бузуу менен, "Манас" спорт комплексинин (бассейн) кассасында акча каражаттарын инвентаризациялоонун жыйынтыгында жоопту кызматкер К.П.Парадинанын жоопкерчилигинде эсепте болгон **1,4** миң сом акча каражаттарынын жетпей калуусу аныкталган.

**Сунуштама:**

"Манас" спорт комплексинин (бассейн) кассасындагы жетпей калган **1,4** миң сом акча каражаттары К.П.Парадинанын эсебинен ордуна коюлганы эске алынсын.

Мындан ары, накталай акча каражаттарынын эсеби Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобонун жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 12-июнундагы №281 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасында чарбакер субъекттердин жана бюджеттик мекемелердин кассалык операцияларды жүргүзүү” Тартибинин талаптарына ылайык жүргүзүлсүн.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2023-жылы Кара-Балта шаарынын мэриясынын уюштуруу түзүмүнүн иш процесстерин оптималдаштыруу жүргүзүлгөн иш чаралардын жыйынтыгында 31 кызматкер 2023-жылдын 28-февралында иштен бошогон, жана иштен бошогон кызматкерлерге 552,9 миң сом жөлөкпулдар төлөнгөн. Бирок ошол эле кызматкерлер 2023-жылдын 1-мартында кайра Башкармалыктын ар кандай кызматтарына алынып, айлык акы чегерилип баштаган. Башкача айтканда, бюджеттик каражаттарды үнөмдөө жана оптималдаштыруу боюнча максаттар ишке ашпай, иш чаралар жеткиликтүү үнөмдөөгө алып келбестен, **552,9 миң сом** рационалдуу пайдаланылган эмес.

**Сунуштама**:

Бюджеттик каражаттарды үнөмдөө максатында, Кара-Балта шаарынын мэриясынын уюштуруу түзүмүнүн иш процесстерин оптималдаштырууну көздөгөн иш чаралар тийиштүү деңгээлде аткарылып, бюджеттик каражаттарды рационалдуу колдонуусу камсыздалсын. Бюджеттик каражаттарды рационалдуу эмес пайдаланууга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**5. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 114-беренесин бузуу менен, стимул берүүчү мүнөздөгү кошумча төлөмдөр болгон учурда жана майрам күндөрү менен мөөнөтүнөн ашык иштегендиги үчүн **149,7** миң сомго кошумча төлөмдөр төлөнгөн.

Аудиттин жүрүшүндө, штатта сатып алуулар боюнча 2 адис болгондугуна карабастан, бухгалтериянын кызматкерине контрактты администрациялоо милдети жүктөлгөндүгү жана кызмат ордун айкалыштыргандыгы үчүн маянанын 25% төлөнгөндүгү аныкталган жана 2023-жылы **12,1** миң сом төлөнгөн.

**Сунуштама**:

Мындан ары, эмгек акыга кошумча төлөөлөрдө, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин талаптары жетекчиликке алынсын.

**6. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы №433 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлеп иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтомунун талаптарын бузуу менен, техникалык тейлөөчү (муниципалдык эмес) кызматкерлерине эмгек акыга **40,1 миң сомго** “класстык чин” үстөк акысы чегерилген.

**Сунуштама:**

Техникалык тейлөөчү (муниципалдык эмес) кызматкерлерине эмгек акыга “класстык чин” үстөк акысынын чегерилүүсү токтотулсун. Мындан ары, техникалык тейлөөчү кызматкерлердин эмгек акысын эсептөөдө, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августу №433 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлеп иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтомунун талаптары так сакталсын.

**7. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Тамак-аштарды сатып алуу боюнча конкурстардын материалдарын аудитке салганда, бир жуманын ичинде өткөрүлгөн эки башка конкурстарда кээ бир аталыштагы тамак аштардын баалары айырмаланып, жыйынтыгында баалардын ортосундагы айырма жалпы сумма 523,5 миң сомго жогорулатылганы аныкталган, анын ичинен:

- бюджеттик каражаттар боюнча – 240,9 миң сом;
- атайын эсептин каражаттары боюнча – 282,6 миң сом.

**Сунуштама:**

Мындан ары, сатып алуулардын жол-жоболорун уюштуруу бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Мыйзамынын талаптары так аткарылсын.

**8. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген "Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" Нускаманын талаптарын бузуу менен, кийинки жылдагы каржылоодо эсепке алынууга тийиш **14 648,2 миң** сомдук дебитордук карыздардын калдыгы эсепте калган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, дебитордук карыздардын калдыктарынын ашыкча болушуна жол берилбесин. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген «Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» Нускаманын талаптары так сакталсын жана 2024-жылы Кара-Балта шаарынын мэриясына караштуу Маданият, спорт жана муниципалдык менчик башкармалыгын каржылоодо 2023-жылдын аягына карата 14648,2 миң сомго дебитордук карыздардын калдыктары эсепке алынсын.

**9. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигининин 2023-жылдын 11-июлундагы № 2-Б буйругу менен бекитилген «Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча» Жобосунун 312-пунктун жана түзүлгөн келишимдин шарттарын бузуу менен, аткарылган иштери аякталай электе төлөм тапшырмалар менен негизсиз алдын ала **25 817,3 миң сомго** (10 пайыздан көп) төлөмдөр аткарылган, анын ичинен:

- «Первая ДСК» ЖЧКна – 15 855,7 миң сом;
- «ВОЛПС – Кей Джи» ЖЧКна – 3 350,0 миң сом;
- «ТСН жана Тилек жолкурулуш» ЖЧКна – 900,0 миң сом;
- «Югора» ЖЧКна – 4 609,1 миң сом;
- «Мадимаров» ЖЧКна – 1 102,5 миң сом.

**Сунуштама:**

Аталган подрядчылардын дебитордук карыздарын жабуу боюнча жетиштүү чаралар көрүлүп, келишимдеги көрсөтүлгөн жумуштар аткарылуусу камсыздалсын. Мындан ары, кызматтарды, жумуштарды жана ТМБ сатып алуу келишимдерин түзүүдө Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигининин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча жобону бекитүү жөнүндө" Жобонун талаптары так сакталсын.

Келишимдин шарттарын бузуу менен, аткарылган иштери аякталай электе негизсиз алдын ала төлөөлөргө жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**10. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Түзүлгөн келишимдердин шарттарын аткарбагандыгы үчүн аткаруучуларга **112,3 миң сомго** үстөк айып төлөм (неустойка) чегерилген, анын ичинен:

- "Первая ДСК" ЖЧКна – 90,9 миң сомго;
- "Терра Эксперт мамлекеттик эмес соттук-эксперттик агенттиги" ЖЧКна – 21,4 миң сом.

**Сунуштама:**

Ишти өз убагында аткарбагандыгы үчүн аудит тарабынан келишимдин шарттарына ылайык, 112,3 миң сом суммасында эсептелген туум подрядчылардан өндүрүлсүн, анын ичинде:

- "Первая ДСК" ЖЧКнан – 90,9 миң сомго;
- "Терра Эксперт мамлекеттик эмес соттук-эксперттик агенттиги" ЖЧКнан – 21,4 миң сом.

**11.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аудит жүргүзүүдө, авариялык иштерди жүргүзүүгө "Капитал Сервис" ЖЧКсы менен 4287,4 миң сом суммасында келишим түзүлгөндүгү, аткарылган иштердин актысы 4269,5 миң сомго аткарылгандыгы аныкталган. Башкармалыктын курамына мектеп жана мектепке чейинки мекемелери гана кирет, төрөт үйүнүн жылуулук трассасын авариялык оңдоо, үй-бүлөлүк медицина борборунун жалпы курулуш иштери Кара-Балта шаарынын мэриясынын Башкармалыгынын бюджеттик каражаттарын чыгымдар сметасы боюнча каралбагандыгын белгилей кетүү зарыл.

Ошентип, аткарылган иштердин актысы менен 4269,5 миң сомго кабыл алынган иштердин ичинен **661,7 миң сомго** максатсыз чыгымдар жүргүзүлгөн, анын ичинде:

- төрөт үйүнүн жылуулук трассасын 639,8 миң сомго оңдоо;
- үй-бүлөлүк медицина борбору - 21,9 миң сомго оңдоо.

**Сунуштама:**

Мындан ары, каражаттарды сарптоо чыгымдар сметасынын негизинде гана жүргүзүлсүн жана максатсыз чыгымдарга жол берилбесин.

**12. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамынын 3-беренесинин 11-пунктунун талаптарын бузуу менен билдирме жана дефекттик актынын негизинде чыгымдалуучу материалдардын таблицасы менен учурдагы оңдоонун сметалык наркы (курулуш материалдарына техникалык өзгөчөлүктөрдү жана алардын көлөмүн көрсөтүү менен) жок болгон, мектеп жана мектепке чейинки мекемелердин, муниципалдык объекттердин имараттарын жана жайларын оңдоо боюнча бир булактан алуу ыкмасы менен конкурстук тооруктар (авариялык иштер) өткөрүлүп, "Капитал Сервис" ЖЧКсы менен 4287,4 миң сомго келишим түзүлгөн жана анын ичинен билдирмелерди, дефекттик актылар, тигил же бул авариялык иштерди аткарууга учурдагы ремонттун сметалык наркын бербестен- №2 орто мектеби - **1011,1 миң сом** (авариялык иштер актысына сырдоо иштери киргизилген) оңдоо иштери аткарылган.

Аудиттин жүрүшүндө, "Капитал Сервис" ЖЧКсы менен авариялык иштер боюнча конкурстук тооруктарды өткөрүүдө, Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамынын 17-беренесинин кайсы пунктунун негизинде бир булактан ыкмасы колдонулганы жөнүндө түшүндүрмө берилген эмес.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамынын 3-беренесинин 11-пунктунун талаптары так сакталсын.

**13. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Салык Кодексинин 22-беренесине ылайык, 4% өлчөмүндө бирдиктүү салык (ЕН) «Кыйыр салыктын» түрлөрүнө кирбейт. Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Салык Кодексинин 418-беренесинин 1-пунктуна ылайык, салык салуунун жөнөкөйлөтүлгөн тутуму субъекттер тарабынан ушул главага ылайык салык салынууга тийиш болгон иштерге карата, салык салынуучу берүүлөргө КНС (НДС) ордуна бирдиктүү салык төлөө укугу каралган. Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин 2016-жылдын 18-майындагы № 4-НПА «Кыргыз Республикасынын аймагында курулуштун наркын аныктоочу усулдук көрсөтмөлөрдү бекитүү тууралуу» көрсөтмөсүнө ылайык бирдиктүү салык жумуштун наркына кошулуп эсептелиши каралган эмес.

Аткарылган курулуш-куроо жана ондоо иштерине жүргүзүлгөн аудиттеринде, подрядчылар тарабынан аткарылган иштердин актысына 4% өлчөмүндө бирдиктүү салык негизсиз киргизилип, иштердин наркы жалпы **909,4 миң сомго** жогорулатылган. Анын ичинде:

- «Кара-Балта шаарындагы №12 орто мектебинин ашканасын оңдоо иштери» объектиси боюнча подрядчы "Мадимаров" ЖЧКсы тарабынан 127,1 миң сомго**;**

- «Кара-Балта шаарынын Объектилеринин аварияльк-оңдоо иштери» боюнча подрядчы "Капитал Сервис" ЖЧКсы тарабынан 170,0 миң сомго;

- «Кара-Балта шаарынын Объектилеринин оңдоо иштери» боюнча подрядчы "Первая ДСК" ЖЧКсы тарабынан 418,9 миң сомго;

- «Кара-Балта шаарындагы Дренаждык каналдарын тазалоо иштери» боюнча подрядчы "ТСН и Тилек жолкурулуш" ЖЧКсы тарабынан 38,4 миң сомго;

- «Кара-Балта шаарындагы Маданият үйүнүн чатынын которуу иштери» боюнча подрядчы "ВОЛПС-КейДжи" ЖЧКсы тарабынан 101,8 миң сомго;

- «Кара-Балта шаарындагы Маданият үйүнүн чыгыш тарабындагы паркты жакшыртуу иштери» боюнча подрядчы "ВОЛПС-КейДжи" ЖЧКсы тарабынан 53,2 миң сомго.

**Сунуштама:**

Аудиттерде аныкталган подрядчылар тарабынан иштердин жогорулатылган наркын бюджетке калыбына келтирүү боюнча иштиктүү чаралар көрүлсүн, анын ичинде:

- «Кара-Балта ш. №12 Орто мектебинин ашканасын оңдоо иштери» объектиси боюнча подрядчы "Мадимаров" ЖЧКсы тарабынан 127,1 миң сомго;

- «Кара-Балта ш. Объектилеринин аварияльк-оңдоо иштери» боюнча подрядчы "Капитал Сервис" ЖЧКсы тарабынан 170,0 миң сомго;

- «Кара-Балта ш. Объектилеринин оңдоо иштери» боюнча подрядчы "Первая ДСК" ЖЧКсы тарабынан 418,9 миң сомго;

- «Кара-Балта ш. Дренаждык каналдарын тазалоо иштери» боюнча подрядчы "ТСН и Тилек жолкурулуш" ЖЧКсы тарабынан 38,4 миң сомго;

- «Кара-Балта ш. Маданият үйүнүн чатынын которуу иштери» боюнча подрядчы "ВОЛПС-КейДжи" ЖЧКсы тарабынан 101,8 миң сомго;

- «Кара-Балта ш. Маданият үйүнүн чыгыш тарабындагы паркты жакшыртуу которуу иштери» боюнча подрядчы "ВОЛПС-КейДжи" ЖЧКсы тарабынан 53,2 миң сомго.

Түзүлгөн келишимдин шарттарына ылайык, аткарылган жумуштардын көлөмүн жана сапатын тиешелүү дэңгелде кабыл албагандыгы үчүн техникалык көзөмөлдөө кызматкеринин жоопкерчилиги каралсын.

**14. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

«Кара-Балта ш. Төмөнкү паркынын суу түтүкчөлөрүн оңдоо иштери» боюнча подрядчы "ЮГОРА" ЖЧКсы тарабынан аткарылган курулуш-куроо жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудитте, аткарылган иштердин актысына 6% өлчөмүндө сатуу салыгы (НСП) негизсиз кошулгандыгына байланыштуу, иштердин наркы **155,2 миң сомго** жогорулатылган. "ЮГОРА" ЖЧКсы КНС төлөөчү коом болуп катталган эместиги Салык кызматынын сайтынан такталган. Буга байланыштуу, Кыргыз Республикасынын Салык Кодексинин 368-беренесине ылайык 6% өлчөмүндөгу сатуу салык аткарылган иштер актысына негизсиз кошулган.

**Сунуштама**:

Аудитте аныкталган «Кара-Балта шаарынын Төмөнкү паркынын суу түтүкчөлөрүн оңдоо иштери» объектиси боюнча подрядчы "ЮГОРА" ЖЧКсы тарабынан иштердин 155,2 миң сомго жогорулатылган наркын бюджетке калыбына келтирүү боюнча иштиктүү чаралар көрүлсүн.

**15. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

«Кара-Балта ш. №1 орто мектебинин бөлмөлөрүн бөлүү иштери» боюнча подрядчы "Жаш Куч Компани" ЖЧКсы тарабынан аткарылган курулуш-куроо жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудитте, аткарылган иштердин актысына 12% өлчөмүндө кошумча нарк салыгы (НДС) негизсиз кошулгандыгына байланыштуу, иштердин наркы **30,7 миң сомго** жогорулатылган. “Жаш Куч Компани” ЖЧКсы КНС төлөөчү коом болуп катталган эместиги Салык кызматынын сайтынан такталган.

**Сунуштама:**

Аудитте аныкталган «Кара-Балта ш. №1 орто мектебинин бөлмөлөрүн бөлүү иштери» объектиси боюнча подрядчы " Жаш Куч Компани " ЖЧКсы тарабынан иштердин 30,7 миң сомго жогорулатылган наркын бюджетке калыбына келтирүү боюнча иштиктүү чаралар көрүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспекторлор Атагельдинова Г., Аширалиев Н., Кубанычбеков Д.

**Кара-Балта шаарынын мэриясынын алдындагы “Кара-Балта суу каналы” муниципалдык ишканасы**

2023-жылдагы ишкердүүлүгүнүн негизинде түшүүчү кирешелердин планы 73 024,5 миң сомго божомолдонсо, иш жүзүндөгү кирешелери 74 135,8 миң сомду түзгөн, же болбосо план 101,5% аткарылып, 1 111,3 мин сомго пландан көп киреше түшкөн.

2023-жылы кызмат көрсөтүүдөгү чыгымдар 92 349,5 миң сомду түзүп, 2023-жылдын жыйынтыгы менен Ишкана 18 213,7 мин сомго зыян (убыток) тарткан.

1. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2023-жылдын аягына карата абонентердин дебитордук карызынын өсүү тенденциясы байкалууда, тактап айтканда 2023-жылдын башына дебитордук карыздын суммасы 10 061,7 миң сомду түзгөң, жылдын аягына 14 511,0 миң сомду түздү, жылдын башына салыштырмалуу жылдын аягына дебитордук карыздын суммасы 4 449,3 миң сомго өскөн.

**Сунуштама:**

Кирешелерин көбөйтүү жана зыян тартуунун суммасын азайтуу максатында, абоненттерден дебитордук карыздарды, анын ичинде айыптык санкциялар боюнча карыздарды өндүрүү боюнча иштиктүү иш-чаралар жүргүзүлсүн.

2. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө” Мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-июлундагы №385 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө” нускамасын бузуу менен, кызматкерлерден **3305,1 миң сом** көлөмүндө (2%) пенсиялык топтоо фондго чегерүүлөр кармалган, бирок Социалдык фондго которулган эмес.

**Сунуштама:**

Кызматкерлерден пенсиялык топтоо фондуна кармалган 3305,1 миң сом акча каражаты тиешелүү бюджетке которулгандыгы эске алынсын. Мындан ары, камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөөдө, Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө” Мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-июлундагы № 385 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө” Нускамасын талаптары так сакталсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Утурова А.

**Кара-Балта шаарынын мэриясынын алдындагы “Универсал” муниципалдык ишканасы**

2022-жылга бюджеттик каражаттар боюнча чыгымдар сметасы 67 128,7 миң сом суммасында бекитилген, 2023-жылы бюджетке өзгөртүүлөр кирип, бюджеттин көлөмү 28454,9 миң сомго көбөйтүлүп, такталган бюджет 95 583,6 миң сомду түзгөн. Кассалык чыгымдар 87 169,2 миң сом, накталай чыгымдар 58 613,2 миң сомго аткарылган.

Атайын каражаттар боюнча киреше бөлүгү 2023-жылга 70,0 миң сомго бекитилген, такталган сметасы 70,0 миң сомду түзгөн, накталай түшкөн киреше 1 883,0 6 миң сомго аткарылган. Ал эми чыгаша бөлүгү 70,0 миң сомго бекитилген, жыл ичинде такталганы

2650,2  миң сом болсо, кассалык чыгымы 1 802,6 миң сомго, накталай чыгымдар 251,2  миң сомго аткарылган. Ал эми жылдын аягына калган калдык 2 660,6 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду**

Кара-Балта шаардык кеңешинин 2021-жылдын 23-ноябрындагы №03 токтомун бузуу менен, чарба жүргүзүүчү субъекттерден 2023-жылдын январь айынан 1-майга чейин таштандыларды чыгаруу кызматы үчүн акы төлөмдөр аталган токтом менен бекитилген тарифтердин негизинде эмес, мурдагы тариф менен эсептелинип, алынып келген, жана токтомду бузуунун натыйжасында 2023-жылдын 4 ай ичинде кирешенин жоготуулары **14,2** миң сомду түзгөн.

Аудит учурунда, учурдагы акы төлөмдөр, бекитилген тарифтерге ылайык кошумча эсептелинип, төлөм катары эсепке алынган.

**Сунуштама:**

Аудит учурунда, учурдагы акы төлөмдөр, бекитилген тарифтерге ылайык кошумча эсептелинип, төлөм катары эсепке алынгандыгы эске алынсын. Мындан ары, чарба жүргүзүүчү субъекттерден таштанды чыгаруу кызматтарынын акысы Кара-Балта шаардык кеңешинин 2021-жылдын 23-ноябрындагы №03 токтому менен  бекитилген тарифтердин негизинде алынсын.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2023-жылдын март айында Көрктөндүрүү секторунун жумушчусу У.А.Чалбаевге чегерилген 12,4 сомдук эмгек акы ордуна, банк аркылуу 120,4 миң сом төлөнүп берилген, же болбосо эсептик катанын натыйжасында ашыкча төлөнүп берилген эмгек акынын жалпы суммасы **108,0** миң сомду түзгөн, жана  бүгүнкү күнгө чейин бюджетке кайтарылган эмес. «Универсал» МИ Жайыл районунун сотуна 2024-жылдын 9-январындагы №01-22/2 доо арыз менен кайрылган, бирок бүгүнкү күнгө чейин  сот иштери аяктай элек.

**Сунуштама:**

Ишкананын жумушчусу У.А.Чалбаевге ашыкча төлөнгөн 108,0 миң сом тиешелүү бюджетке кайтаруу боюнча иш чаралар көрүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик  инспектор Туйтенов Н.

**Корутунду:**

Жүргүзүлгөн аудиттерде төмөндө көрсөтүлгөн объекттердин бюджеттеринин аткарылышы бардык олуттуу аспектилерде аудиттин тиешелүү критерийлерине шайкеш келгендиги аныкталды:

**А.С. Макаренко атындагы  интернат түрүндөгү №10 Инновациялык гимназия орто мектеби**

Республикалык бюджет:

2023-жылга чыгаша сметасы 39 419,4 миң сомго бекитилип, жыл ичинде тактоо жана өзгөртүүлөрдөн кийин план 29 410,3 миң сомго бекитилсе, кассалык чыгымдар 29 274,3 миң сомго, накталай чыгымдар 29 350,1 миң сомго аткарылган.

Жергиликтүү бюджет:

2023-жылдын бюджеттик каражаттардын чыгаша сметасы 9 225,8 миң сомго бекитилип, жыл ичинде сметаларды өзгөртүү менен смета 10 125,8 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар 10 113,4 миң сомду түзүп, накталай чыгымдар 10 106,0 миң сомго аткарылган.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Утурова А.

**Кыргыз Республикасынын
Эсептөө палатасынын
Бишкек шаары, Чүй жана
Талас областтары боюнча аймактык
бөлүмүнүн жетекчиси** **М.М. Калмуратов**

Аткарган: мамлекеттик инспектор Исанов  Т. тел. +996(312)623 518